Ош Мамлекеттик Университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин Алгебра жана геометрия кафедранын 2019-жылдын 15-март күнү өткөрүлгөн №7 чогулушунун токтомунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

**Катышкандар:** алгебра жана геометрия кафедрасынын кафедрасынын мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ

5. **Ар түрдүү маселелер.** а) ОшМУнун 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы жана миссиясы менен таанышуу.

Угулду: Папиева Т.М. – кафедра башчысы.

– 2019-жылдын 4-февралында ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №4 жыйынында ОшМУнун 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы талкууланып, бекитилген. Бул Концепцияны ОшМУнун сайтынан кеңири таанышып алсаңыздар болот. Концепцияда ОшМУнун миссиясы төмөнкүдөй жаңыланган:

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;
- билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;
- жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды, улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

Ошондой эле ОшМУнун төмөнкү максаттары бекитилген:

**Университеттин келечекке карай максаты** – ОшМУну классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.

**Стратегиялык максат**ы – Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу.

Биз дагы ОшМУнун миссиясына жана максаттарына ылайык иштерди алып баруубуз абзел.

Т.М. Папиеванын жогорудагы билдирүүсү талкууланып, төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

а) ОшМУнун 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы таанылды деп эсептелсин;

б) ОшМУнун миссиясына жана максаттарына ылайык кафедранын бардык мүчөлөрү бардык мүмкүнчүлүгүн пайдалануу менен иш алып барышсын.

Чогулуштун төрайымы: Папиева Т.М.

Катчысы: Мустапакулова Ч.А.